УДК 37:371.31
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-7-11

**Дөөлөтбакова Р.Ж.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**Дөөлөтбакова Р. Ж.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**Doolotbakova R. Zh.**
KNU Jusup Balasagyn

# УЛУТ ДЕМИ ЖАНА УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРДЫ САКТООДОГУ АДАМЗАТТЫН РОЛУ
# РОЛЬ ЧЕЛОВЕЧЕСТВА В СОХРАНЕНИИ ДУХА НАЦИИ И НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ
# THT ROLE OF HUMNNITY IN PRESERVING THE SPIRIT OF THE NATION AND NATIONAL VALUES

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада улуттук баалуулуктар концепциясынын идеяларын жетекчиликке алуу менен «Манас» эпосун жогорку окуу жайларында окутуунун бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу белгиленет. Анткени «Манас» эпосунда улуттук нарк, мекенчилдик, руханий-адеп-ахлактык тарбия, патриоттуулук жана маданий баалуулуктар кеңири камтылган. Ааламдашуу шартында улутубузду сактап калуу үчүн студенттерди «Манастын» руху менен тарбиялоо аба менен суудай зарыл.

**Аннотация:** В статье отмечается актуальность преподавания эпоса «Манас» в высших учебных заведениях на основе идей концепции национальных ценностей. В эпосе «Манас» широко представлены национальные ценности, патриотизм, духовно-нравственное воспитание и культурное наследие. В условиях глобализации для сохранения национальной идентичности особое значение приобретает воспитание студенческой молодежи в духе «Манаса».

**Abstract:** The article highlights the relevance of teaching the *Manas* epic in higher education institutions based on the ideas of the concept of national values. The *Manas* epic widely reflects national values, patriotism, spiritual and moral education, and cultural heritage. In the context of globalization, educating students in the spirit of *Manas* is of particular importance for preserving national identity.

**Негизги сөздөр:** ата-баба; улуттук дем; улуттук баалуулук; улуттук нарк; дүйнөлүк бийиктик; каада-салт; үрп-адат; атуулдук; концепция; мамлекеттүүлүк; маданият; тынчтык.

**Ключевые слова:** предки; национальный дух; национальные ценности; национальные традиции; мировые высоты; традиции; обычаи; гражданственность; концепция; государственность; культура; мир.

**Keywords:** ancestors; national spirit; national values; national traditions; global heights; traditions; customs; civic consciousness; concept; statehood; culture; peace.

Кыргыз Республикасынын Президенти С. Н. Жапаровдун 2020-жылдагы «Кыргыз Республикасында жаштардын адеп-ахлактык тарбиясын өнүктүрүү жана дене маданиятын чыңдоо», 2022-жылдын 20-майында жарыяланган «Улуттук нарк тууралуу» жарлыгынын жана бул жарлыкты турмушка ашыруу боюнча 2022-жылы кабыл алынган «Улуттук нарк» программасынын негизинде концепция иштелип чыккан. Кыргыздын улуттук нарктуулук концепциясында кыргыз элинин бай нарк-насили, каада-салты жана үрп-адаттары анын руханий тамырынын терең жана байыркы экендигинин далили катары каралат.

Кыргыз элинин улуттук мыйзамы катары кылымдардан бери жашап келген жана элибиздин жашоосунун өзөгү, турмушунун өрнөгү болгон мындай ыйык түшүнүктөрдү сактоо маселелери, нарктуу кыргыз атуулун калыптандыруу идеялары каралган.

Концепцияны турмушка ашыруу боюнча сунуштар жана корутундулар төмөнкүчө берилген:

«Чындыгында, улутту сактап турган – анын маданияты, руханий жана маданий баалуулуктары. Коом өнүгүп-өскөн сайын алар дагы өсүп, өнүгүп турат, байып турат. Бирок коомдук-маданий, социалдык-саясий интеграциялар өткөндүн баалуулуктарын унуткаруу менен глобалдашуу процесстери маданияттарды жакындаштырууну, ал тургай аралаштырып бириктирүүнү көздөйт. Ошондой эле маданияттар өзгөрүүгө учурайт, салт-санаалар, нарк-насилдер, үрп-адаттар жана ырым-жырымдар бурмаланат, адамдар деградацияга кабылат. Бул процесс “маданияттардын эволюциясы” деп аталат. Эволюция дүйнөлүк улуттардын жана адамдын кечээкисин, учурун жана келечегин элестетүүгө түртөт.

Улуттук маданият дагы эртең дүйнөлөшүү аркылуу интеграциялардын капшабы менен мындан дагы кыйла деңгээлде көөнөрүп, жалпы адамзаттык бир маданиятка жуурулушуу жолуна түшүшү ыктымал. Мына ошол дүйнөлүк глобалдашуу менен улуттук деградациялануунун таасиринде кечээки улуттук салт, нарк, каада жана адаттар менен жашап келген бир катар адамдар бүгүн өзгөрүп, улуттук баалуулуктарга кайдыгер карап, өзүнүкүн жерип, өзгөнүкүнө ооп же өзүнүн маданиятын да билбей, “рухсуздук” дартына кабылып, руханий дүйнөсү жабыркоо процессине тушугуп турат. Демек, мына ушундай процесстердин алдын алып, улуттук нарктарды, салттарды калыбына келтирип, үрп-адаттарын сактап калган улут гана жок болбой жашап калышы ыктымалдыгы үмүттөндүрөт. Андыктан, “ар качан эң мыкты учур – азыр” демекчи, ушул азыртан баштап, улуттук руханий жана материалдык баалуулуктарыбызды сактап жана коргоп калуу үчүн мамлекеттик деңгээлде камылга көрүүбүз, эртеңки муун үчүн нарктуу коомду куруп беришибиз – биздин муундун милдети. Анын башатында – бир гана улуттук нарктуулук идеологиябыз турат!» [1, 27–28-бб.]

Кыргыз Республикасынын Президенти С. Н. Жапаров 2024-жылдын 18-декабрында «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгу жолу жөнүндөгү жарлыкка кол койду.

Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – көз карандысыз, эгемен, демократиялык, унитардык, укуктук, светтик жана социалдык мамлекет (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренеси, 2021-жыл).

Кыргыз Республикасынын «Манас» эпосу жөнүндө Мыйзамы. Жети беренеден турган бул мыйзам кыргыз элинин уникалдуу руханий мурасы – «Манас» эпосунун («Манас», «Семетей», «Сейтек» эпостору) үчилтигин сактоого, өнүктүрүүгө жана даңазалоого байланыштуу маселелерди жөнгө салат.

1-берене. «Манас» эпосунун үчилтиги.

1. «Манас» эпосунун үчилтиги айтылуу баатыр Айкөл Манастын, анын уулу Семетейдин, небереси Сейтектин кыргыз элин чет жердик баскынчылардан коргоо, элди биримдикке бириктирүү, ички чыккынчылар менен күрөшүү, кыргыз элинин эркиндигин жана көз карандысыздыгын, руханий, адеп-ахлактык, маданий, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарын сактоо үчүн жасаган эрдиктерин баяндайт.

Бишкек шаары, 2011-жылдын 28-июну, № 69.

Кыргыздын улуттук руханий жана материалдык баалуулуктарын сактоо жана жайылтуу багытында патриот инсандарыбыздын бири, Жогорку Кеңештин депутаты, Нарындын сыймыктуу уулу Карганбек Садыкович Самаков «Манас» эпосу тууралуу мыйзамдын демилгечиси жана автору.

Улуу «Манас» үчилтик эпопеясын ЮНЕСКОнун материалдык эмес баалуулуктарынын тизмесине каттатууга жетишкен. Ал кыргыз элинин тогуз улуттук баалуулугун: саймалуу шырдагын, ала кийизин, кереметтүү боз үйүн, сөз өнөрүнүн туу чокусу – айтыш өнөрүн, «Көк бөрү» оюнун, Чүй боорундагы тарыхый Суяб, Навекат, Баласагын шаарларын ЮНЕСКОнун материалдык баалуулуктар тизмесине каттаткан.

Улуттук дем, уңгу жол – куттуу кыргыз элин, элибиздин эгемендиги үчүн канын төгүп, жанын берген баатырларды эске салат, адам укугун урматтоону жана коргоону туу туткан эркин, демократиялык, унитардык, социалдык мамлекетти өнүктүрүп-өстүрүүгө, кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоого жана аны көздүн карегиндей сактоого, эгемендүүлүгүбүздү, элибиздин биримдигин коргоого болгон бекем ишенимибизди жана майтарылбас эркибизди билдирет.

Ата-бабаларыбыз урпактарына эне тилин, аскасы булут жамынган кооз Ала-Тоону, дүйнөдө теңдеши жок табияттын бермети – Ысык-Көлдү, түшүмү берекелүү кулпурган өрөөндөрдү, көз жоосун алган жайыттарды, жайлоолорду, токойлорду, дүйнө жүзүн тамшандырган кыргыз сууларын, мөлтүр булактары менен шаркырап аккан дарыяларды, көлдөрдү асырап, нукура кооздугунда мураска калтырышты.

Ата-бабаларыбыздын тынчтыкта жана ынтымакта жашоо, табият менен таттуу мамиледе болуу жөнүндө айткан Айкөл Манас атабыздын ыйык жети осуятын туу тутуп, социалдык адилеттикти, теңдикти, элдин экономикалык жыргалчылыгын жана улуттук баалуулуктарды сактоого умтулабыз. «Манастан» калган жети осуят эл биримдигин чыңдайт, ынтымак-достукту даңктайт, арыбас мээнет, алдыңкы өнөр, билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулууга үндөп, келечек муундарга үлгү болот.

Миллиондогон ыр саптарын өз ичине камтыган «Манас» эпосу дүйнөлүк эпикалык дастандардын жана улуттук маданий мурастардын ичинде чолпон жылдыздай жаркырайт. «Манас» жалпы адамзат жараткан башка эпостордон өзүнүн өлчөмсүз көлөмү боюнча гана эмес, океандай чексиз дүйнөсү, кыял жеткис чабыты, теңдешсиз көркөмдүгү, эбегейсиз бийиктиги менен да айырмаланат. Анда акыл-эс, абийир, атуулдук ариет, улуттук ар-намыс, ынсап-ыйман, достук, адамгерчилик, акыйкаттык, чынчылдык, мекенчилдик, кең пейилдик, калыстык, меймандостук, биримдик жана ынтымак сыяктуу асыл касиеттер чагылдырылган.

Кыргыз элинин улуттук сыймыгы болгон Манас баатыр: «Кулаалы жыйып куш кылдым, куранды жыйып журт кылдым», «Жоого намыс бергиче, ажалым жетсе өлөйүн, малым менен жанымды олжого кантип берейин, өлбөй тирүү жүргөндө не мураска жетейин», – деп, Ата Журттун ар-намысы үчүн кара башын капжыгага байлап, улуттук ар-намысты баарынан бийик коюп, Ала-Тоону душмандардан бошоткон.

Залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов: «“Манас” эпосу – байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. “Манас” – океан эпос. Көлөмү жагынан ал дүйнөдөгү белгилүү бардык эпостордон ашып түшөт. Турмуш көрүнүштөрүн камтыган кенендиги жагынан “Манас” дүйнөлүк эпикада да барандуу орунду ээлейт. Журт башына калайман салган бөтөн жерлик күрөшү, чабылып-чачылган кыргыз урууларын бириктирип, бир жерге күл төктүрүп, журт кылган айкөл Манас баатырдын эрдигин даңктоо – анын өзөк окуясы. Анда арзуу лирикасы да, социалдык-турмуштук, моралдык-этикалык темалар да өзүнүн мүрөл үлгүсү менен жолугат. Анда байыркы кыргыздардын география, астрономия, медицина, зергерчилик, аскер өнөрү жөнүндөгү түшүнүктөрү. Кыскасы, “Манас” өткөндөгү кыргыз элинин келберсиген чалкар дүйнөсү бүткүл керемет-кемели менен көз алдыга тартат. Бул анын дүйнөлүк маданияттын панорамасындагы залкар көркөм полотносу» [2, 134–135-бб.]

Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу, филология илимдеринин доктору, профессор Советбек Байгазиев: «Улуу “Манас” эпосу жалпы адамзаттык мааниде терең мазмунга карк, көөнөрбөс, түбөлүктүү руханий дөөлөттөргө эгедер улуу дастан. Көчмөн кыргыз цивилизациясынын керемет кенчи, Ала-Тоолук ак калпак журттун көркөм сөз өнөрүнүн туу чокусу, улуттук аң-сезимдин манифести, дүйнөлүк адабияттын классикасы.

Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Генералдык Ассамблеясы 1995-жылы жалпы адамзаттык масштабда “Манас” эпосунун жылы деп жарыялагандыгы белгилүү. 1995-жылы “Манастын 1000 жылдыгы” маарекесине төгөрөктүн төрт бурчунда жашаган түркүн калктардын, континенттердин өкүлдөрү келген. Мына, ушинтип, теңдешсиз көлөмү, эпикалык эбегейсиз масштабы жагынан дүйнөлүк эпостордун Эверест чокусу катары саналган “Манас” жалпы адамзаттык маданий кенч катары ЮНЕСКО, БУУ тарабынан моюнга алынган.

Ал эми кыргыз үчүн “Манас” – ыйык мурас, улутубуздун сыймыгы. “Манас” – кыргыз калкынын кылымдарды аралап, төбөгө көтөрүп келген туусу, асманга желбирете кармаган асабасы.

Ата Журттун азаттыгынын, эл эркиндигинин, эгемендүүлүгүнүн улуу идеясы, Манастын адеп-ахлак, ар-намыс кодекси, ошондой эле кыргыз журтунун кылымдардын кыйырларында өз тажрыйбасынан жараткан боштондук, жакшылык, асылдык жөнүндөгү ак жаркын идеалдары, адамгерчилик, чындык, адилеттүүлүк, калыстык, акыйкаттык, нарктуулук, мекенчилдик, адамдык-жарандык парз тууралуу моралдык эреже-жоболору, рухий дөөлөттөрү, философиялык насыйкаттары, салт-санаасы, тили, маданияты, тарыхы, бир сөз менен айтканда, калктын бүтүндөй баалуулуктарынын байлыгы сыйдырылган. “Манастын” ушул рухий баалуулуктары кыргыз элинин ЖАНЫ жана ЖҮРӨГҮ деген улуу сөздөр айтылган. Чындыгында эле, ушул баалуулуктар улуттун тулку боюнда жан болуп жашап, көөдөнүндө жүрөк болуп кагып, ак калпак элди тарыхтын бороон-чапкындарында сактап келген. Бул улуттук баалуулуктардын, ошону менен бирге, жалпы адамзаттык мааниге ээ экендиги да чындык. Глобалдашуунун шарттарында улутубузду сактоо үчүн жаштарды Манас руху менен сугаруу аба менен суудай зарыл» [3, 4-б.]

Дүйнөдө теңдеши жок чалкыган ыр океаны – «Манас» эпосу байыркы ак калпак калкыбыздын ташкындаган таланттын ээси экендигин көрсөтөт. Ала-Тоо журтубуздун поэзиянын мекени болуп, оозунан ыр кумдай куюлуп, төгүлүп турган манасчылардын бул улуу мурасты муундан-муунга, ооздон-оозго сактап келгени – улуу керемет. «Манас» эпосундагы нарктуулук идеялары жана инсанды нарктуулук сапаттарга тарбиялоонун багыттары соолбос булак сыяктуу элдин аң-сезимин, жан дүйнөсүн тазартууга жана өнүктүрүүгө кызмат кылат.

Академик Абдылдажан Акматалиев: «“Манас” эпосу – кыргыз элинин руханий күлазыгы. “Манас” эпосу – кыргыз элинин байыркы тарыхын, жашоо мүнөзүн, каада-салтын, үрп-адатын, ишенимдерин, дүйнө, өмүр, жаратылышка болгон мамилесин, чарбасын ж.б. көркөм-поэтикалык тилде чагылдырган өзгөчө масштабдуу эпикалык чыгарма.

“Манас” эпосубуз кыргыздын кыргыз экенин негиздей турган улуттук баалуулуктарыбызды, наркыбызды, тилибизди, элибизди сактап, муундан-муунга өткөрүп берүүдө руханий-маданий күлазык болуп, узак мезгилдерге жашай берсин!» [4, 3-б.]

Маалыматтын кара сели каптаган, ааламдашуу жараянынын арааны жүрүп турган азыркыдай учурда биз канткенде өзүбүздүн улуттук жүзүбүздү, маданиятыбызды, нарк-насилибизди, баалуулуктарыбызды сактап калабыз деген суроо кабыргасынан турат. Мындай шартта биринчи кезекте мамлекеттик тилге коркунуч туулат. Анткени тил жоголсо – улут, улут жоголсо – мамлекет жоголот. Тилди мамлекеттен, мамлекетти тилден ажыратып кароо мүмкүн эмес. Анткени кыргыз тили улуттук идеологиябыздын өзөгүн түзүп турат.

Балага эненин ак сүтү менен кошо келген тил эненин ак сүтүндөй ыйык. Элибиз өз тилин «эне тили» деп атаганы да тегин жерден болбосо керек. Жарык дүйнөгө келген ар бир наристе он сегиз миң ааламдын сырларын тил аркылуу таанып билет. Байыркы ата-бабалар менен кыргыздын бүгүнкү урпактары генетикалык-маалыматтык байланыш аркылуу байланышып турат. Эгер бала өз эне тилин билбесе, ушул байланыш үзүлөт.

Педагогика илимдеринин доктору, профессор Назаркул Ишекеев «Тил жана коом көйгөйлөрү. Тил – уңгу жолдун өзөгү» аттуу макаласында: «Тил – улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыруунун даанышмандыгы менен кеменгерлиги.

Кыргыз тили – өлкөнүн биримдиги менен бүтүндүгү жана мамлекеттин тарыхый тагдыры жөнүндөгү уңгулуу баалуулук. Кыргыз Республикасында мамлекет жана мамлекеттик тил бири-бири менен тыгыз байланыштуу, бири экинчисинин бар болушун жана өнүгүшүн шарттаган жаратылыштын ооматтуу көрүнүшү.

Эне тил – адамдарды байланыштырып туруучу негизги курал жана каражат гана болуп саналбастан, ал ошол элдин иденттүүлүгүн сактаган коду. Залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов: “Азыркы заманда тил коммуникациянын гана эмес, дүйнө таанымдын башкы куралына айланды. Кеп оболу тилде эмес. Дилде. Адам өз тилин дилинде ыйык тутса, ал эч качан уңгу тилин чанып кете албайт. Тил

адам ааламынын алака мейкиндигин кеңейткен касиеттүү күч. Кыргыз тили – мен үчүн Мекен, эне, киндик кан тамган жер сыяктуу эле ыйыктын ыйыгы. Мен бу турмушта кайсы бир бийиктикке чыга алдым десем, аны эне тилимдин улуу духунан көрөм”, – деп айткан. Кыргыз элинин өнөрү, акылмандыгы, кудурети, маданияты – сөзүндө. Ар бир сөздүн тарыхы, анын мистикалык сырлары, табышмактары болот. “Өнөр алды – кызыл тил” деп, кыргыз эли сөздү көздүн карегиндей кадырлап, өтө этият пайдаланышкан. Бардык элдин XXI кылымга бапестеп жеткирген рухий мурасы, сөз казынасы, накыл сөзү, эне тили болсо керек. Элибиздин ар бир сөзү алтын кыш сыяктуу асыл. Андан ата-бабаларыбыз опол тоодой сепил курушкан. Демек, өлкөбүздө рух сепили, ынтымак сепили, достук сепили түбөлүк чыңдала берсин» [5, 12–13-бб.]

«Эне тил – “Манастын” көкөлөтүп көтөргөн туусу. Улуттун улут экенин билгизген башкы көрсөткүчү – эне тил. Кыргыз тилибиз – улутубуздун жүрөгү. Кан тамырында жүрүп, көөдөнүндө согуп турган эне тили – жүрөгү токтосо, улут катары жашоосун токтотот.

“Эне тилин билбеген, элин сүйүп жарытпайт” (Б. Сарногоев). “Тилиңди бурба!” – деген насаат ата-бабалардын муундарга айткан биринчи насааты болгон. Демек, түп маанини туюнсак, эне тилибиз ар бир алатоолук атуулдун ар-намысы, сыймыгы, жашоосунун маңызы, дүйнөгө көрсөтө турган “улуттук паспорту” (Э. Ибраев). “Күчтүүбүз Ата Журттун кучагында, калкымдын уюткулуу дили менен, биз элбиз, биз инсанбыз, биз улутпуз, алатоолук кыргыздын тили менен!” Демек, эне тилди сүйүү, ыйык тутуу эгемендүү республикабыздын ар бир атуулунун нравалык жүрүм-турумунун башкы критерийлеринин бири болууга тийиш. Ал эми жаштарда эне тилге болгон сүйүүнү, патриоттуулукту, тилдик өзүн өзү аңдап-түшүнүүнү тарбиялоонун булагы – дал улут сыймыгы, улуу “Манастын” өзү дегибиз бар. “Манас” – “өнөр алды – кызыл тилдин” эң жогорку үлгүсү» [6, 413-б.]

Мамлекеттик тилди билүү – Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын парзы жана ыйык милдети. Бул өлкөнүн жарандарынын коомдук турмушка активдүү катышуусуна жана эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашына өбөлгө түзөт.

**Колдонулган адабияттар**

1. Рысбаев С. К. Кыргыздын улуттук нарктуулук концепциясы. – Бишкек, 2025. – 27–28-бб.
2. Айтматов Ч. Т. Ал океан сындуу «Манастын» миллион сабын жат билген. – Бишкек, 2018. – 8-т. – 134–135-бб.
3. Байгазиев С. О. Манастаануу. – Бишкек, 2022. – 4–6, 413-бб.
4. Исаков Р. Сагынбайдын Манасы. – Бишкек, 2023. – 3–4-бб.
5. Ишекеев Н. Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик уңгу жолу. Тил жана коом көйгөйлөрү. Тил – уңгу жолдун өзөгү // Илимий жыйнак. – Бишкек, 2026. – 12–13-бб.

**Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Мусаева В.И.**

УДК 37.013:37.091:004
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-11-22

**Кабасова К.А., Мамбетакунов У.Э.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ,
Т. Эрматов атындагы Бишкек музыкалык-педагогикалык институту
**Кабасова К.А., Мамбетакунов У.Э.**
КНУ имени Жусупа Баласагына,
Бишкекский музыкально-педагогический институт имени Т. Эрматова
**Kabasova K.A., Mambetakunov U.E.**
KNU Jusup Balasagyn,
Bishkek Music and Pedagogical Institute named after T. Ermatov